**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ**

**" НУР" ЖАЛАЛ-АБАД КОЛЛЕДЖИ**

**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
**"Нур" ЖАКтын өндүрүштүк**
**практика жетечиси:**
**___________ Б.М. Акматова**
**"_18_" ___08___ 2020-ж**

**БЕКИТЕМИН**
**"Нур" ЖАКтын директорунун**
**окуу иштери б.о.б.**
**___________ Э.Э.Божиева**
**"_20_" ___08___ 2020-ж**

**050709 Башталгыч класстарда окутуу адистигинин Педагогикалык практикасынын**

# ПРОГРАММАСЫ

**Түзгөн практика жетекчилери: А.А. Мырзаканова.**
**З.Э. Матанбаева.**

**Жалал-Абад 2020**

1. Педагогикалык практиканын түшүнүгү.
2. Педагогикалык практиканын максаты жана милдеттери.
3. Педагогикалык практиканын структурасы.
4. Педагогикалык практиканы өтүүнүн сунушталган жолдору.
5. Педагогикалык практиканы жыйынтыктоо, баалоо тууралуу маалымат.
6. Тиркемелер.

**1. Педагогикалык практика** – бул студент теориялык билимин практика жүзүндө ишке ашырат. Практикадан алган жыйынтыгын өз тажрыйбасында колдоно алат.

**2. Педагогикалык практиканын негизги максаты** – педагогикалык колледждин теориялык билим берүү процессинде калыптанган жалпы жана кесиптик компетенцияларды бышыктоо жана тереңдетүү. Педагогикалык практиканын мазмуну өзүнө төмөндөгүдөй компоненттерди камтыйт:

1. Башталгыч класстын мугалиминин милдетин аткарууга даярдык көрүүнү.
2. Класс жетекчинин жардамчысынын милдетин аткарууга даярдык көрүүнү.
3. Башталгыч класстын мугалиминин жана класс жетекчинин милдетин аткарууну.

**Педагогикалык практиканын жалпы милдеттери:**

1. Мектептин жана предметтердин куррикулумдарынын өзөгүн практикада колдонуу менен өздөштүрүү.
2. Балдардын билим алуу, тарбия жана өнүгүүдөгү жетишкен деңгээлин балоо жана анализдөөнүн негизинде бүтүндөй педагогикалык процессти долборлоо, пландоо жана жүзөгө ашыруу.
3. Өзүнүн келечектеги кесибинин социалдык мааниси маңызын түшүнүү.
4. Кесиптик милдеттерин чечүү ыкмаларын аныктоо, анын таасирдүүлүгү менен сапатын баалоо жана өз ишмердигин уюшуруу.
5. Стандартуу жана стандартуу эмес кырдаалдардагы көгөйлөрдү чечүү, жоопкерчилик тартуу менен демилге көтөрүү.

**3. Педагогикалык практиканын түзүмү.**

Педагогикалык практикага жалпысынан 100 саат каралган, ал сааттарды өтүү 4 жуманын ичинде ишке ашырылат.

Студенттердин окуу иши менен башталгыч класстынт окуучуларынын окуу аракетин уюштуруу.

Студент – практикант педагогикалык практика учурундагы окуу процессинде төмөндөгү иш- аракеттерди жүзүгө ашырат.

1. Башталгыч класстардын мугалимдеринин сабагына катышат, алардын иш-тажрыйбасын үйрөнөт.
2. Колледждин практика жетекчиси менен башталгыч класстардын практика жетекчилиги астында окуучулардын окуу-танып билүү аракетин, долбоорлоп, технологиялык карталарды иштеп чыгат, сабактын планын түзүүдө жаңы форматтарды жана окутуунун активдүүформаларын колдонуу менен сабактык жана тематикалык пландоону жүзөгө ашырат.
3. Сабактарды өтөт.

4. Башка практиканттар менен өзү өткөргөн сабактарга анализ жүргүзөт, (ой-жүгүртүү, өзүнө-өзү баа берүү) окучуулардын билим деңгээлине баа берет.

**Педагогикалык практиканын пландалаган жыйынтыгы.**

Педагогикалык практиканы өтүүнүн жыйынтыгында студент 050709 "Башталгыч класстарда окутуу" адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты тарабынан көрсөтүлгөн компотенцияларга ээ болушу тийиш:

- Жалпы компотенцияларга,
- **Кесиптик ишмердиктин негизги түрлөрүнө туура келген кесиптик компотенцияларга:**
- башталгыч класстарда окутуу;
- класстан, мектептен тышкаркы иштерди жана мамилешүүнү уюштуруу;
- класс жетекчилик;
- усулдук иштер.

**Практикант төмөндөгүлөргө милдеттүү:**

-практикага жоопкерчилик менен мамиле кылууга;

-студенттин мектеп менен таанышуусу, класстарга бөлүштүрүүлүсү. Класс, мугалимдер менен класстагы окуучуулар менен таанышуусу. Мектептин иш-кагаздарын өздөштүрүүсү.

-студенттин сабактарга катышуусу, сабактарга байкоо жүргүзүү, алардын мазмунун сүрөттөп жазуу. Тыныгуу учурунда балдардын оюндарын уюштуруу. Тарбиялык иш-чаралардын темасын тандоо, откөрүүгө даярдык көрүү;

-практиканын планын аткаруу менен практиканын күндөлүгүн өз убагында толтурууга;

-студенттин тарбиялык иш чараларды өткөрүүсү, ага анализ жасоо. Мугалимдин окуучулар менен мамилешүүсүнө анализ берүү;

-практиканын жыйынтыгын чыгаруу жана анализ жасоо. Практика боюнча отчет даярдоо, кошумча иш кагаздарын даярдоо.

-практиканын жыынтыктоочу конференциясында практика өтөөсүн коргоо.

**Практиканын иштерин жыйынтыктоо.**

Практиканын күндөлүгү

Практика учурунда студент ишкана – мекемедеги өзү үчүн жаңылык болгон байкоолорун, практиканын программасы жана жекече иштердин тапшырмалары боюнча аткарган иштерин, практиканын жыйынтыгы боюнча отчету жазуу үчүн керектүү материалдардын кыскача мазмунун практиканын күндөлүгүнө жазат.

**Практика боюнча отчет**

Студент – практикант практика бүткөндөн кийин 3 күндүк мөөнөт ичинде төмөнкү документтерди тайпанын практика жетекчилерине тапшырат:

1. студенттин практика өтөгөндүгүн ырастоочу тактама;
2. практиканын күндөлүгү;
3. мектеп тарабынан берилген мүнөздөмө (кол коюлуп, мөөр басылган);
4. практикалык отчет (тиркемелери менен);

5. практиканын программасынын календардык- тематикалык графигинин көчүрмөсү;
6. сабактардын иштелмелеринин (айрыкча ачык сабактардын) көчүрмөсү.